24

1314

(24)

Молдо Кылыч

Уркун, Катыгуи

4/IX-56г.

Институт языка, лит-атуры и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. №
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе



ҮРКҮН

Салдат сурап Никалай
Кыргызды камап болбоду,
Кайрат кылды Никалай
Тилегин кабыл болбоду.
Карангылык кайран эл
Тескери карап толгонду.
Кара кыргыз баласы...
Ысык көлдөн козголду.
Каршы чыгып орусмен
Батыркан чыккан Белектен,
Элден мурун козголуп,
Саяктан келди төмөнтөн.
Күнү түнү көчкөн эл
Күрмөнтүдөн өтүшүп
Өргбөстөн ал жерге
Түн гатып ары көчүшүп.
Шамнын оозу талаадан
Бураган ок чыкты
Жаман какол оңбой кал
Түп басалке калаадан.
Бет алышып урушпай
Чуулдап ары качканы
Барсылдатып аркан
Мылтык менен атканы.

Кудай өзүң сакта деп,
Калайык жаман калтырап
Кырып кирди катугун
Кылыч чаап аткылап.

Аткылаган орустан
Олжо болуп аларда
Качып берген кайран эл
Тукумсуз өзү каларда.

Жанын алып калмака
Кулук атты урганы
Себеп болуп бир бала
Орусту кайра тоскону.

Чымын жанын аябай
Кыргыздарга чеп болуп
Жыйырма жашта бул бала
Эл оозуна кеп болду.

Жер жайнаган кыргызды
Кабылыкты ашырды
Кайрат кылып душманга
Орусту кайра качырды.

Калканч кылып бир ташты
Мылтык менен атканы.
Күчөнгөн жаман какоолдор
Кайта айланып качканы.

Толуп келген кайран эл
Суу сепкендей өчкөнү.

Уруш салып чыдабай
Чубулдап ары көчкөнай.

Чатак салып орус мен
Кытайга карап качышты
Туптөгу жаман каколмен
Эки сагат атышты.

Көчуп Көлдөн катугун
Кытайга карап жөнөду.
Чатакты салдык аябай
Башка тушө көрөлук.

Элдин алды чуулдап
Табылыкты конуптур
Качып берди катугун
Жуда аламат болуптур.

Аламан тушту бул элге
Куну туну жол журдук
Амал барбы кантелик
Өргубөдук бир жерге.

Үч уктаса туштө жок
Көрдук минтип сонунду.
Өлумдөн калган бусурман
Сары жазга чогулду.

Кызыл май болуп журалбай
Жолдо калды далай мал.

Кафир менен атышып
Окко кетти далай жан.

Артта калды биздин жер
Канын төгуп калк учун
Намызына тырышып
Шейит өлду далай эл.

Сары жаздан эл кечуп

Сары жаздан эл кечуп
Үкурчугө конгонай,
Кудай салса көрдук деп,
Маскара минтип болгонай.

Үч капкактын оюна
Өргуйлук эми кичине,
Кыжылдашып тил билбейт
Калмактын келдик четине.

Өткөзбөду калмактар
Чегараны бекитип,
Жаман сөзду көп айтып
Сөөккө жаман жеткизип

Акырында калмактар кыргыздардын
Барысын койдой кылып чуулашы
Көтжактан келип көп орус
Кызыл уштан ок атты.

Замбирек унун уккан соң
Калмагынды билбеди
Көзунө такыр илбеди
Кытайдын жерин тепсетип
Аралашып киргени.